# Кимде-ким эртең менен жана кечинде мечитке барса, анын ар бир барганы үчүн Аллах Таала ага бейиште сый даярдап койот

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким эртең менен жана кечинде мечитке барса, анын ар бир барганы үчүн Аллах Таала ага бейиште сый даярдап койот".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) илим алуу, же ибадат кылуу же башка бир жакшы максатта таң эрте жана күн батарга жакын болобу, кайсы убакытта болбосун мечитке барган адамга ар бир барган сайын бейиште орун жана сый даярдаларын айтып сүйүнчүлөгөн.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5436